**КРЕДИТ КЕЛИШИМИН ТҮЗҮҮ ЖӨНҮНДӨ**

**ОФЕРТА**

**Бишкек ш. «____» ___________ 2025-ж.**

«Замат Финанс» микрокредиттик компаниясы» ЖЧК СИН 02810202210184, 2022-жылдын 28-октябрындагы №211001-3301-000 Юридикалык жакты мамлекеттик каттоо жөнүндө күбөлүктүн жана КРУБдун 2022-жылдын 7-декабрындагы №517 Микрокредиттик компания катары эсептик каттоо жөнүндө күбөлүгүнүн негизинде микрофинансылык иш жүргүзгөн, юридикалык дареги: Кыргыз Республикасы, Бишкек ш., Юнусалиева көч., 74, Уставдын негизинде аракеттенген Башкы директору Д.Ж. Омурбекова атынан, Кыргыз Республикасынын Жарандык кодексинин 396, 399, 402-беренелерин жоболорун жетекчиликке алуу менен, ушул Кредит келишимин түзүү жөнүндө офертаны (мындан ары – «Оферта») Кыргыз Республикасынын жараны [ФАА], [туулган күнү]-жылы туулган, паспорт сериясы [паспорттун номери, сериясы], [берген орган] тарабынан [берилген датасы] берилген, ЖИН [жеке идентификациялык номери], мобилдик телефону [телефон номери], электрондук почта дареги [email], жашаган дареги: [каттоо дареги] жөнөтөт жана төмөндөгү шарттарда Кредит келишимин түзүүнү сунуштайт.

Ушул Офертанын акцепти (төмөндө берилген Кредит келишимин кошо алганда) ушул Офертаны алган адамдын өз колу менен кол коюусу / 2017-жылдын 19-июлундагы №128 “Электрондук колтамга жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык ушул Офертаны алган алган адамдын мобилдик телефон номерине SMS-билдирүү аркылуу жөнөтүлгөн тастыктоо үчүн атайын кодду киргизүү (активдештирүү) жана/же ушул Офертаны алган адамдын Оференттин Сайтындагы Жеке кабинетинде Логинди жана Паролду пайдалануу жолу менен жөнөкөй электрондук кол тамга менен кол коюусу аркылуу жүзөгө ашырылат.

Ушул Офертанын акцепти (төмөндө берилген Кредит келишимин кошо алганда) Акцептанттын ушул Оферта (төмөндө берилген Кредит келишимин кошо алганда) Акцептант өз колу менен койгон жана Оференттин ыйгарым укуктуу өкүлүнүн колу жана Оференттин мөөрү менен күбөлөндүрүлгөн кагаз жүзүндөгү документке барабар электрондук документ болуп саналарына макулдугун тастыктайт.

Акцепт толук жана шартсыз болуп эсептелет, Кредит келишиминин ажырагыс бөлүгү болуп саналат, ушул Оферта сыяктуу эле Акцептанттын Кредит келишиминин бардык шарттарына толук жана шартсыз макулдугун, түзгөндүгүн жана кабыл алгандыгын билдирет.

2017-жылдын 19-июлундагы №128 «Электрондук колтамга жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 6-беренесинин 4-пунктун жетекчиликке алып, ушул Офертаны, төмөндө берилген Кредит келишимин жана анын тиркемелерин камтыган өз ара байланышкан электрондук документтердин пакетине кол коюу ушул Офертаны алган алган адамдын мобилдик телефон номерине SMS-билдирүү аркылуу жөнөтүлгөн тастыктоо үчүн атайын кодду киргизүү (активдештирүү) жана/же ушул Офертаны алган адамдын Оференттин Сайтындагы Жеке кабинетинде Логинди жана Паролду пайдалануусу аркылуу бир электрондук кол тамга менен жүзөгө ашырылат.
Насыянын суммасы 15 000 (он беш миң) сомго чейин болгон учурда бул Келишимге Карыз алуучунун идентификациясынын уникалдуу кодун камтыган жөнөкөй

электрондук кол тамганы пайдалануу менен, ошондой эле жазуу жүзүндө өз колу менен редитордун жакын жайгашкан кеңсесинде кол коюлушу мүмкүн.

Насынын суммасы 15 000 (он беш миң) сомдон жогору болгон учурда бул Келишимге Карыз алуучу тарабынан жазуу жүзүндө кредитордун жакынкы офисинде жазуу жүзүндө колу коюлууга тийиш

**НАСЫЯ КЕЛИШИМ № _____**

**Бишкек ш.** **«__»______2025 ж.**

«Замат Финанс» микрокредиттик компаниясы жоопкерчилиги чектелген коому, каттоо маалыматы: Каттоо № 211001-3301-ООО, ЖСН 02810202210184, ИУЖК коду 31682329, юридикалык дареги: Кыргыз Республикасы, Бишкек шаары, Юнусалиева көчөсү 74 (мындан ары - Кредитор) атынан Уставдын негизинде иш алып барган Башкы директор Омурбекова Д.Ж. бир тараптан,

Кыргыз Республикасынын жараны ____, жеке номуру ____паспорт сериясы ____ ________тарабынан ____ -жылы берилген; катталган/жашаган дареги ____; байланыш номуру ____ + WhatsApp мессенжери; электрондук почта дареги ___________ (мындан ары текст боюнча – Карыз алуучу), башка тараптан

чогуу «Тараптар», ал эми өз-өзүнчө «Тарап» деп аталып, төмөнкүлөр тууралуу кредиттик келишимди (мындан ары - Келишим) түзүштү:

## 1. КЕЛИШИМ ПРЕДМЕТИ

1.1. Кредитор Карыз алуучуга керектөө максатында [**микрокредиттин так максаты**] [**микрокредиттин суммасы цифралар менен жана жазуу түрүндө**] сом өлчөмүндө, **[микрокредиттин мөөнөтү сан менен**] мөөнөтүнө, **[кредитти кайтаруу күнү]** чейин календардык күнгө микрокредит берет, ал эми Карыз алуучу микрокредитти ушул Келишимдин ажырагыс бөлүгү болуп саналган Микрокредитти төлөп жабуу графигине ылайык өз убагында кайтарып берип, аны пайдалангандыгы үчүн пайыздарды төлөөгө милдеттенет.

1.2. Ушул Келишимдин негизинде берилген микрокредит мөөнөтүндө төлөө, төлөөгө жөндөмдүүлүк, өз учурунда кайтаруу шарттары менен берилет.

1.3. Микрокредиттин толук баасынын өлчөмү, анын ичинде микрокредит боюнча пайыздар, үчүнчү жактардын комиссиялары, бышманалар жана башка төлөмдөр, эгерде колдонулса, ушул Келишимдин ажырагыс бөлүгү болгон №2 тиркемеде көрсөтүлгөн.

1.4. Тараптар офертада, ушул Келишимде, ошондой эле ушул Келишимдин ажырагыс бөлүгү болгон тиркемелерде жана/же макулдашууларда көрсөтүлгөн бардык милдеттемелерди аткарууга милдеттүү.

1.5. Тараптар офертада, ушул Келишимде, ошондой эле ушул Келишимдин ажырагыс бөлүгү болгон тиркемелерде жана/же макулдашууларда көрсөтүлгөн башка укуктарды таанып жана сактоого макул.

## 2. МИКРОКРЕДИТ БЕРҮҮ ЫКМАСЫ, ТАРТИБИ ЖАНА ШАРТТАРЫ

2.1. Кредитордун www.doke.kg веб-сайтында офертанын шарттары менен таанышкан соң, Карыз алуучу каалаган сумманы жана мөөнөттү көрсөтүү менен өтүнмө калтырат.

2.2. Кредитор өз кезегинде көрсөтүлгөн сумманы белгиленген мөөнөткө берүү мүмкүнчүлүгүн текшерет, андан кийин Кардарда алдын ала бекитилген сумма же кредит берүүдөн баш тартуу жөнүндө маалымат чагылдырылат.

2.3. Насыя берүүгө алдын ала макулдук берилген учурда Карыз алуучу верификациялоо жол-жобосунан өтөт. Насыянын суммасы 15 000 (он беш миң) сомго чейин болсо, верификация онлайн-форматта, ошондой эле Кредитордун жакынкы кеңсесинде жүргүзүлүшү мүмкүн жана келишимге жазуу жүзүндө өз колу менен кол коюлат. Кредиттин суммасы 15 000 (он беш миң) сомдон ашкан учурда Карыз алуучу Кредитордун жакынкы кеңсесине жеке кайрылуу жолу менен офлайн-верификациядан өтүүгө милдеттүү. Кредитор насянын суммасын Карыз алуучу тарабынан сайтта катталууда көрсөтүлгөн электрондук капчыкка ушул Келишимге кол коюлгандан жана зарыл болгон учурда белгиленген муздатуу мезгили өткөндөн кийин берет. Бул Келишим боюнча Насыя каражаттары (карыздын суммасы) Кредитор тарабынан толук алынган күндөн тартып толук берилди деп эсептелет

2.4. Бул Келишим боюнча карыз акча каражаттары (карыздын суммасы) Кредитор тарабынан толук алынган күндөн тартып толук төлөндү деп эсептелет.

2.5. Карыз алуучу өзүнүн милдеттенмелерин аткарбоонун жана/же талаптагыдай эмес аткаруунун кесепетинде карызды төмөнкү тартипте төлөйт:

- Биринчи кезек: кредиттин суммасы.
- Экинчи кезек: Карызды жабууга байланыштуу Кредитордун чыгымдары (мамлекеттик алымды төлөө, нотариустардын, адвокаттардын/юристтердин кызмат акыларын төлөө ж.б.).
- Үчүнчү кезек: кредит суммасына болгон пайыздар.
- Төртүнчү кезек: бышмана.

2.6. Муну менен Карыз алуучу ушул келишим боюнча милдеттенмелер кепилдик менен камсыздалганын тастыктайт. Кепилдик берүүчү Карыз алуучу өзүнүн ушул Келишим боюнча милдеттенмелерин аткарбаганда же талаптагыдай аткарбаганда Кредитордун алдында биргелешкен жоопкерчилик тартат.

## 3. МИКРОКРЕДИТ БОЮНЧА ПАЙЫЗДЫК ЧЕН ЖАНА КОМИССИЯЛЫК ТӨЛӨМДӨР

3.1. Микрокредитти пайдалануу үчүн 31,2% өлчөмүндө жылдык номиналдык пайыздык чен эсептелет.

3.2. Улуттук банктын талаптарына жана Кредитордун ички ченемдик документтерине ылайык эсептелген микрокредит боюнча жылдык натыйжалуу пайыздык чендин өлчөмү жылдык 36,66 %ды түзөт.

3.3. Карыз алуучу үчүн микрокредитти пайдалануу боюнча айлык пайыздык чен 2,6% (30 календардык күн) деп белгиленет.

3.4. Пайыздарды чегерүү микрокредитти алгачкы берүү мөөнөтүнө жүргүзүлөт, кардардын арызынын негизинде төлөм мөөнөтү узартылган учурда Келишимдин шарттарын өзгөрткөндүгү үчүн кредиттин суммасынан бир жолку комиссия эсептелет: 14 (он төрт) күнгө – 12,3% өлчөмүндө, 30 (отуз) күнгө – 19,7% өлчөмүндө.

3.5. Карыз алуучу ушул Келишимдин негизинде Кредитор тарабынан эсептелген карыз талашсыз болуп саналаарына жана Соттук буйрук тартибинде өндүрүлүүгө тийиш экендигине макул болот.

## 4. ТАРАПТАРДЫН УКУКТАРЫ ЖАНА МИЛДЕТТЕРИ.

4.1. Карыз алуучу төмөнкү укуктарга ээ:

4.1.1. Бул Келишимге кол коюлган учурдан тартып кредит суммасы электрондук капчыкка түшкөнгө чейин эсептелүүчү мезгили ичинде акысыз түрдө кредиттен баш тартууга.

4.1.2. Карызды графикте көрсөтүлгөн төлөмдүн мөөнөтүнө чейин, толугу менен же жарым-жартылай, Кредиторду алдын ала кабарлабастан жана/же санкциялар же айыптык төлөмдөр жок мөөнөтүнөн мурда төлөп жабуу, ошол эле учурда эсептелген пайыздарды төлөөгө милдеттенет.

4.1.3. Финансылык-кредиттик мекемелердин, төлөм уюмдарынын электрондук же мобилдик капчыктары аркылуу, ошондой эле банктык практикада каралган башка аралыктан төлөө ыкмалары менен төлөм жүргүзүүгө укуктуу. Төлөмдөр төлөм уюмдарынын терминалдары аркылуу дагы жүргүзүлүшү мүмкүн. Мында финансылык-кредиттик мекемелердин, төлөм уюмдарынын же үчүнчү жактардын комиссиялык төлөмдөрү Карыз алуучунун милдети болуп эсептелип, алар кредит боюнча төлөм катары каралбайт жана ушул Кредиттик Келишим боюнча карызды жабууга киргизилбейт.

4.1.4. Карыз алуучу ушул Келишимдин шарттарына ылайык 14 (он төрт) же 30 (отуз) күндүк белгилүү мөөнөткө карызды төлөө датасын өзгөртүү жөнүндө арыз берүү укугуна ээ.

4.1.5. Карыз алуучу ушул Келишимдин шарттарына ылайык карызды реструктуризациялоо боюнча арыз берүү укугуна ээ. Реструктуризация шарттары Карыз алуучу менен жеке талкууланып, жаңы төлөм графиги иштелип чыгат жана ушул Келишимге Карыз берүүчү менен кошумча макулдашуу түзүлөт.

4.1.6. Карыз алуучу кредиттин мөөнөтү аяктаганга чейин ушул Келишимдин алкагында кошумча кредит суммасын алууга укуктуу. Кошумча кредит суммасын берүү шарттары ушул Келишим менен каралган.

4.1.7. Карыз алуучу ушул Келишимдин шарттарына ылайык учурдагы карызын толук төлөп жапкандан кийин жаңы кредиттерди алуу үчүн өтүнмө берүүгө укуктуу. Жаңы кредиттерди алуу мүмкүнчүлүгү бардык Карыз алуучулар үчүн каралган жалпы шарттарга ылайык Кредит берүүчү тарабынан каралат.

4.1.8. Кредитордун www.doke.kg веб-сайтындагы Жеке кабинети аркылуу оферта, ушул Келишим, Кредитордун кеңсесинде кол койгон документтер жана/же башка электрондук документтер менен таанышып чыгууга.

4.1.9. Өзүнүн Жеке кабинетинен www.doke.kg сайтынан офертаны, ушул Келишимди жана башка электрондук документтерди жүктөп алып, басып чыгарууга укуктуу.

4.2. Карыз алуучунун милдеттери:

4.2.1. Төлөм графигине ылайык төлөмдөрдү жүргүзүүгө милдеттүү.

4.2.2. Төлөмдөр өз убагында төлөнбөй калган учурда, ар бир кечиктирилген күн үчүн 0,086 (нөл бүтүн миңден сексен алты) % өлчөмүндө бышмана төлөө, бирок кредиттин суммасынын 10 (он) % ашпоосу шарт. Бышмана кечирктирилген ар бир күн үчүн кечигүүгүг 1 (биринчи) календардык күнүнөн тартып чегирилиши мүмкүн.

4.2.3. Өзүнүн анкеталык/жеке маалыматтары жана/же Карыз алуучуну так аныктоо үчүн зарыл болгон башка маалыматтарды так жана чындыкка дал келген түрдө берүү.

4.2.4. Кредит берүүчүнү бардык маалыматтардын (паспорт маалыматтары, каттоо/жашаган дареги, электрондук почта дареги, байланыш номери, WhatsApp

мессенжериндеги байланыш номери ж.б.у.с.) өзгөрүүсү жөнүндө өзгөргөн күндөн тартып үч күндүн ичинде кабарлоо. Болбосо, мурунку реквизиттерге жиберилген ар кандай корреспонденция (кат алышуу, билдирүү, эскертүү ж.б.) тийиштүү түрдө аткарылган болуп эсептелет.

4.2.5. Эгерде төлөмдөр төлөм уюмдары жана/же каржы-кредит мекемелери, анын ичинде алардын электрондук/мобилдик капчыктары аркылуу жүргүзүлсө, анда Кредит берүүчүнүн талабы боюнча, кредит суммасынын кайтарылгандыгы жана пайыздар төлөнгөндүгү жөнүндө далилдерди бир календардык күндүн ичинде Кредит берүүчүгө сунуштоо/берүү.

4.2.6. Эгерде төлөмдөр төлөм уюмдары жана/же каржы-кредит мекемелери, анын ичинде алардын электрондук/мобилдик капчыктары аркылуу жүргүзүлгөн учурда, Кредит берүүчүнүн эсептик/банктык эсебинде карызды төлөө фактысы чагылдырылбаса, анда себептерин өз алдынча тактоо жана жоюу үчүн чараларды көрүү.

4.2.7. Кредитордун карызды жабуу талабынын сакталышын камсыз кылуу.

4.2.8. Кепилдикке ушул Келишимге карата кандай болбосун кошумча макулдашууларды түзүү жөнүндө, ошондой эле анын шарттарына өзгөртүүлөрдү жана/же толуктоолорду киргизүү жөнүндө алар күчүнө кирген күндөн тартып 3 (үч) календардык күндөн кечиктирбестен кабарлоого. Бул милдетти аткарбоо кепилдикти кепилдик келишиминен келип чыккан милдеттенмелерди аткаруудан бошотпойт, алар күчүн сактап калат жана милдеттенмелерди аткаруунун суммаларын, мөөнөттөрүн жана кошуп эсептелген пайыздарды кошуп алганда ушул келишимдин шарттарынын бардык өзгөрүүлөрүнө жайылтылат.

4.3. Кредитордун укуктары:

4.3.1. Кредитор белгиленген төлөм графигине ылайык төлөмдөрдү өз убагында алууга укуктуу.

4.3.2. Төлөмдөрдү өз убагында төлөбөгөн учурда Кредитор Карыз алуучудан күн сайын 0,086 (нөл бүтүн миңден сексен алты) % өлчөмүндө бышмана төлөөнү талап кылууга укуктуу. Ошол эле учурда, бардык кредит мөөнөтү ичинде эсептелген жалпы бышмана кредит суммасынын 10 (он)% ашпоого тийиш.

4.3.3. Эгер Карыз алуучу өз милдеттенмелерин аткарбаса же талаптагыдай аткарбаса, ошондой эле бир календардык күндөн ашык мөөнөттө кечиктирилген карызы болсо, Кредитор кредиттин суммасын кайтарып берүүнү, пайыздарын жана бышмананы төлөп берүүнү талап кылууга укуктуу. Мындай учурларда коюлган талаптардын тартиби, ыкмалары жана жыштыгы Кредитор тарабынан өз алдынча аныкталат.

4.3.4. Кредитор Карыз алуучуну кредит суммасын кайтарып берүү жана пайыздарды төлөө мөөнөттөрү келгенге чейин өзүнүн милдеттенмелерин өз убагында жана тийиштүү түрдө аткаруу тууралуу кабарлоого милдеттенет. Кабарлоо ыкмалары жана жыштыгы Кредитор тарабынан өз алдынча аныкталат.

4.3.5. Кредитор Карыз алуучуга СМС-билдирүүлөр, телефон чалуулар, WhatsApp аркылуу билдирүүлөр/чалуулар, жазуу түрүндөгү (кагаз түрүндө) каттарды катталган дарегине жана иш жүзүндө жашаган жерине, электрондук каттарды, ошондой эле Кредитордун сайтындагы Карыз алуучунун жеке кабинетине PUSH-билдирүүлөрдү жөнөтүү аркылуу карызды төлөөнү талап кылууга укуктуу. Бул аракеттердин ыкмалары жана жыштыгы Кредитор тарабынан өз алдынча аныкталат.

4.3.6. Кредитор Карыз алуучу Кредитордун www.doke.kg веб-сайтына киргенде чогултулган Карыз алуучунун идентификациялабаган жеке маалыматтарын алууга укуктуу. Мындай маалыматка IP-дарек, cookie маалыматтары, мобилдик түзмөктө сакталган телефон номерлери, браузер тууралуу маалымат, суралган барактын дареги,

интернет кызматын көрсөтүүчү провайдердин домендик аты ж.б. кириши мүмкүн. Мындай маалыматтарды чогултууга Карыз алуучу Кредитордун www.doke.kg веб-сайты же Кредитордун кеңсесинде идентификация/верификациядан өткөндө макулдугун берет.

4.3.7. Кредитор Карыз алуучунун байланыш адамдарына карыздын бар экендиги, аны төлөө зарылдыгы жөнүндө, ошондой эле Карыз алуучунун байланыш маалыматы (телефон номери, WhatsApp номери, электрондук почта ж.б.у.с.) өзгөргөндүгү жөнүндө билдирүүлөрдү жөнөтүүгө укуктуу. Мындай билдирүүлөрдүн ыкмалары жана мезгилдүүлүгү Кредитор тарабынан өз алдынча аныкталат. Тараптар Кредитордун бул аракеттери акылга сыярлык, ак ниет жана Карыз алуучунун жеке жашоого болгон укугун бузбай турганын моюнга алышат.

4.3.8. Кредитор бир тараптуу тартипте келишимге жана электрондук документтерге өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду Кредитордун www.doke.kg веб-сайтынын тиешелүү бөлүмүндө жарыялоо аркылуу карыз алуучуга билдирүү менен киргизүүгө укуктуу. Өзгөртүүлөр жана толуктоолор жарыяланган күндөн тартып 10 (он) календардык күндөн кийин күчүнө кирет жана ошол учурдан тартып тараптар үчүн милдеттүү болуп калат.

4.3.9. Кредитор мамлекеттик органдардан, юридикалык жана/же жеке жактардан Карыз алуучу жөнүндө ар кандай маалыматты, анын ичинде анын анкеталык жана жеке маалыматтарын талап кылууга укуктуу.

4.3.10. Кредитор Кредиттик келишим боюнча милдеттенмелердин аткарылышын Кепилдердин каалаганынан талап кылууга укуктуу. Кепилдер биргелешип жоопкерчиликте болушат жана милдеттенмелерди чогуу да, өзүнчө да, толук көлөмдө аткарууга тартылышы мүмкүн.

4.4. Кредитор төмөнкүлөргө милдеттүү:

4.4.1. Кредитор ушул Келишимдин шарттарына ылайык Карыз алуучуга кредитти өз убагында берүүгө милдеттенет.

4.4.2. Кредитор эсепти жүргүзүүгө жана Карыз алуучунун өз милдеттенмелерин өз убагында аткаруусуна, анын ичинде графикке ылайык төлөмдөрдүн келип түшүшүн текшерүүгө милдеттүү.

4.4.3. Кредитор Карыз алуучуга анын карызынын абалы жөнүндө актуалдуу маалыматты, анын ичинде суммалар, төлөө мөөнөттөрү жана кечиктирилген учурда мүмкүн болуучу айыптык санкциялар жөнүндө маалыматтарды берүүгө милдеттенет.

4.4.4. Кредитор, мыйзамда талап кылынгандан башка учурларда, Карыз алуучунун бардык маалыматтарынын купуялуулугун сактоого жана ушул Келишимде каралгандан башка учурларда, Карыз алуучунун макулдугусуз үчүнчү жактарга ачыкка чыгарбоого милдеттенет.

4.4.5. Кредитор Кредиттин шарттарына тиешелүү бардык өзгөртүүлөр, анын ичинде келишимге же электрондук документтерге киргизилген өзгөртүүлөр жөнүндө Карыз алуучуга өзгөртүүлөр күчүнө киргенге чейин кеминде 10 календардык күн калганга чейин билдирүүгө милдеттенет.

4.4.6. Кредитор ушул Келишим боюнча милдеттенмелерди аткарууга байланыштуу Карыз алуучунун суроо-талаптарын жана кайрылууларын кароого жана өз убагында жооп берүүгө милдеттенет.

4.4.7. Кредитор кредиттик ишмердүүлүктү жөнгө салуучу мыйзамдардын бардык ченемдерин жана талаптарын, анын ичинде Карыз алуучуларды укуктарын коргоо жагынан сактоого милдеттенет.

4.4.8. Кредитор келишимде көрсөтүлгөн байланыш ыкмаларын жана каражаттарын ушул Келишим боюнча өзүнүн милдеттенмелерин аткаруу үчүн гана пайдаланууга жана Карыз

алуучу же анын байланыш адамдары менен баарлашуу укугун кыянаттык менен пайдаланбоого милдеттенет.

## 5. КЕЛИШИМДИ АТКАРУУНУН ТАРТИБИ

**5**.1. Карыз алуучу ушул Келишимде көрсөтүлгөн реквизиттерди пайдалануу менен накталай акча каражаттарын кассага (терминалга) же Кредитордун банкына эсебине салуу жолу менен же башка жеткиликтүү төлөө ыкмаларын колдонуу менен Микрокредитти жана ал боюнча пайыздарды төлөө графигине ылайык микрокредит боюнча кезектеги төлөмдөрдү жүргүзүүгө милдеттенет.

5.2. Ушул Келишимдин шарттарына ылайык, Тараптар ушул Келишим боюнча Карыз алуучу тарабынан салынган акчалай милдеттенмени толук аткаруу үчүн жетишсиз болгон суммалар Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына ылайык микрокредиттик карызды төлөөгө жумшала тургандыгын аныкташты.

## 6. ТӨЛӨӨ МӨНӨТҮН ӨЗГӨРТҮҮ ЖАНА КОШУМЧА КАРЫЗ СУМАСЫН АЛУУ ТАРТИБИ

6.1. Карыз алуучу карызды төлөө мөөнөтүн өзгөртүү демилгесин көтөрүүгө укуктуу, ал 14 (он төрт) же 30 (отуз) күндүк белгилүү мезгилге узартылышы мүмкүн. Карыз алуучу автоматташтырылган түзүлүштөр аркылуу карызды төлөп жабуу мөөнөтүн өзгөртүүнүн демилгелеши керек.

6.2. Карыз алуучуга жаңыланган төлөм графиги менен кошумча макулдашуу жөнөтүлөт, ал жөнөкөй электрондук кол тамганы колдонуу менен кол коюуга тийиш.

6.3. Кредитти төлөө мөөнөтү узартылган учурда Карыз алуучу ушул Келишимдин ажырагыс бөлүгү болуп эсептелген 2-тиркемеде белгиленген өлчөмдө бир жолку комиссияны төлөйт.

6.4. Карыз алуучу Кредитордун www.doke.kg веб-сайтындагы жеке кабинетинде кошумча сумманы алуу үчүн өтүнмө берүү аркылуу учурдагы Кредиттик келишим боюнча кошумча кредиттин суммасын суроого укуктуу.

6.5. Кредитор тарабынан оң чечим кабыл алынган учурда Карыз алуучуга Кредиттик келишимдин шарттарын кайра карап чыгууну караган кошумча келишимдин долбоору, анын ичинде, бирок алар менен чектелбестен, жаңыланган төлөм графиги жөнөтүлөт.

6.6. Кошумча кредиттин суммасын берүү ушул Келишимдин мөөнөтү аяктаганга чейин гана, Карыз алуучу учурдагы төлөм графигине ылайык негизги карызды төлөө боюнча учурдагы милдеттенмелерин аткарган шартта мүмкүн болот.

6.7. Кошумча кредит боюнча алынган бардык сумма негизги суммага кошулат жана Карыз алуучу аны жаңыртылган төлөм графигинде бекитилген, кайра каралган шарттарга ылайык төлөөгө милдеттенет.

## 7. КАРЫЗДЫ РЕСТРУКТУРЦИЯЛООНУН ШАРТТАРЫ ЖАНА ТАРТИБИ

7.1. Карызды реструктуризациялоо Карыз алуучу тарабынан төлөө мөөнөттөрү сакталбаган (кечигип калган) учурда мүмкүн. Реструктуризациялоо процессинин башталышы кредитордон да, Карыз алуучунун өзүнөн да болушу мүмкүн.

7.2. Эгерде карызды реструктуризациялоо процесси Кредитор тарабынан демилгеленсе, Кредитордун кызматкерлери реструктуризациялоону сунуштоо үчүн Карыз алуучу менен байланыш түзүүгө милдеттүү. Карыз алуучунун макулдугу алынган учурда реструктуризациялоонун жеке шарттары талкууланат жана Карыз алуучунун учурдагы финансылык мүмкүнчүлүктөрүнүн негизинде жаңы төлөм графиги иштелип чыгат.

Төлөмдөрдүн жаңы графиги менен карызды реструктуризациялоо боюнча кошумча макулдашуу түзүлөт.

7.3. Эгерде демилге Карыз алуучудан келип, реструктуризациялоо процессин өз алдынча баштаса, ал Кредитордун кеңсесине кайрылып, тиешелүү арызды берүүгө тийиш. Карыз алуучунун арызын кароонун жыйынтыгы боюнча Кредитор карызды төлөөнүн жаңыланган шарттарын чагылдырган жаңы төлөм графигин иштеп чыгат, ошондой эле жаңы төлөм графиги менен учурдагы кредиттик келишимге кошумча макулдашуунун долбоорун түзөт.

7.4. Эгерде Карыз алуучу реструктуризациялоо шарттарын толук аткарса жана карызды жаңы төлөм графигине ылайык төлөсө, кредит толугу менен төлөндү деп эсептелет жана Карыз алуучунун Кредитордун алдындагы милдеттенмелери токтотулат.

## 8. ТАРАПТАРДЫН ЖООПКЕРЧИЛИГИ

8.1. Эгерде ушул Келишимдин шарттарында жана/же башка электрондук документтерде башкача каралбаса, тараптар Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык ушул Келишим боюнча милдеттердин аткарылбагандыгы же талаптагыдай эмес аткаргандыгы үчүн жоопкерчилик тартат.

8.2. Карыз алуучу кечиктирген ар бир күн үчүн кредиттин суммасынын 0,086 (нөл бүтүн миңден сексен алты) % өлчөмүндө, бирок кредиттин суммасынын 10 (он) % ашпаган өлчөмүндө бышмана төлөө боюнча милдетти шартсыз кабыл алат.

8.3. Карыз алуучу офертанын жана/же ушул Келишимдин алкагында берилген ар кандай маалыматтын тактыгы үчүн жалгыз жоопкерчилик тартат.

8.4. Карыз алуучу өз алдынча жоопкерчилик тартат жана кредиттин суммасы кандай максатта алынганына карабастан (жеке пайдалануу, жеке муктаждыктарга сарптоо, үчүнчү жактарга финансылык жардам көрсөтүү ж.б.у.с.) оферта, ушул Келишимде жана/же электрондук документтердин шарттарында каралган бардык милдеттенмелерди өзүнө алат.

8.5. Карыз алуучу ушул Келишимге кошумча макулдашуулар түзүлгөнү же анын шарттарына өзгөртүүлөр киргизилгени жөнүндө Кепилге алар күчүнө кирген күндөн тартып 3 (үч) календардык күндөн кечиктирбестен маалымдоого өз алдынча жоопкерчилик тартат.

8.6. Кредитор Карыз алуучу тарткан ар кандай чыгымдар үчүн, анын ичинде Карыз алуучу офертанын, ушул Келишимдин жана/же электрондук документтердин шарттары, ошондой эле алардын өзгөртүүлөрү жана/же толуктоолору менен таанышпагандыгына жана/же өз убагында таанышпагандыгына байланыштуу пайда болгон чыгымдар үчүн жоопкерчилик тартпайт.

## 9. ТАЛАШТАРДЫ ЧЕЧҮҮ ТАРТИБИ

9.1. Ушул Келишимден келип чыккан тараптардын ортосунда келип чыгышы мүмкүн болгон бардык талаш-тартыштар жана пикир келишпестиктер доомат берилген күндөн тартып 20 (жыйырма) жумушчу күндүн ичинде жазуу-доомат жүзүндө сүйлөшүүлөр жолу менен чечилет.

9.2. Ушул Келишимден же ага байланыштуу келип чыккан, анын ичинде аны аткарууга, бузууга, токтотууга, токтотууга же жараксыз деп табууга байланышкан талаш-тартыштар, талаптар же дооматтар Бишкек шаарынын Биринчи Май райондук сотунда чечилет.

9.3. Тараптар карыз пайда болгон учурда Кредитор Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган тартипте соттун буйругун берүү жөнүндө арыз менен сотко

кайрылууга укуктуу экенин моюнга алышат. Карыз алуучу мындай буйрук анын катышуусуз берилиши мүмкүн экендигине макул.

## 10. КЕЛИШИМДИН КОЛДОНУЛУУ МӨӨНӨТҮ

10.1. Бул Келишим ага Тараптар кол койгон учурдан тартып күчүнө кирет жана Тараптар өз милдеттенмелерин тийиштүү түрдө толук аткарганга чейин күчүндө болот.

## 11. КОРУТУНДУ ЖОБОЛОР

11.1. Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык компетенттүү органдарга мындай маалыматтарды жеткирүү милдеттүү болгон учурларды кошпогондо, ушул Келишимдин колдонуу мөөнөтү ичинде да, ушул Келишимдин мөөнөтү аяктаган күндөн тартып 5 (беш) жылдын ичинде да ушул Келишимдин бардык шарттары, ошондой эле ушул Келишимди аткарууга байланыштуу Тараптар алган ар кандай маалымат жана берилмелер катуу купуялуу болуп саналат жана карама-каршы тараптын алдын ала жазуу жүзүндөгү макулдугусуз ачыкка чыгарылууга же үчүнчү жактарга берилүүгө жатпайт.

11.2. Тараптар оферта, ушул Келишим жана/же башка электрондук документтер (Келишимдин ушул жобосунун тексти боюнча мындан ары - электрондук документтер) карыз алуучу кол тамгасы жана Кредитордун ыйгарым укуктуу өкүлүнүн кол тамгасы менен кол коюлган жана Кредитордун мөөрү менен күбөлөндүрүлгөн кагаз документтерге эквиваленттүү экенин моюнга алышат. Демек алар мындай документтерге окшош юридикалык кесепеттерге алып келет жана талаш-тартыштарды соттон тышкаркы тартипте да, соттон да чечүүдө далилдөө предмети жана/же далил боло алат.

11.3. Кредитор мамлекеттик органдарга, мамлекеттик/муниципалдык ишканаларга жана/же сот органдарына көрсөтүү үчүн электрондук документтерди басып чыгарууга укуктуу.

11.4. Электрондук документтердин текстинде/мазмунунда кагазга басылгандар менен Кредитордун серверинде сакталган электрондук версиясынын ортосунда айырмачылыктар болсо, электрондук версия түпнуска деп таанылат/эсептелет. Буга ылайык, тараптар электрондук документтердин электрондук вариантын жетекчиликке алышат.

11.5. Ушул Келишимге тиешелүү ар кандай кат алышуулар (кат алышуулар, кабарлоолор, билдирүүлөр ж.б.) көрсөтүлгөн электрондук почта, почта даректери жана WhatsApp мессенжери боюнча жүргүзүлүп, юридикалык күчкө ээ болушу керек жана талаш-тартыш жаралган учурда талаш-тартыштарды соттон тышкаркы тартипте да, соттон да чечүүдө далилдөө предмети жана/же далил боло алат.

11.6. Келишимде көрсөтүлгөн байланыштар боюнча жөнөтүлгөн кайсы болбосун билдирүү Карыз алуучу тарабынан алынган болуп эсептелет.

11.7. Эгерде соттун чечими менен офертанын, ушул Келишимдин жана/же электрондук документтердин жарым-жартылай шарттары жараксыз болуп калса, бул офертанын, ушул Келишимдин жана/же электрондук документтердин калган шарттарына таасирин тийгизбейт. Сот тарабынан жараксыз деп табылган шарттын ордуна жаңы шарт колдонулат, анын мааниси сот тарабынан жараксыз деп табылган шарттардын маанисине мүмкүн болушунча туура келүүгө тийиш.

11.8. Бул Келишимге бардык өзгөртүүлөр жана/же толуктоолор, эгерде алар ушул Келишимге кошумча макулдашуулар түрүндө жазуу жүзүндө түзүлүп, эки Тарап кол койгон учурда гана жарактуу болот.

11.9. Бул Келишимге бардык тиркемелер, макулдашуулар, толуктоолор жана/же башка документтер анын ажырагыс бөлүгү болуп саналат.

11.10. Офертада, ушул Келишимде жана/же башка электрондук документтерде каралбаган башка маселелер Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдары менен чечмеленет жана жөнгө салынат.

11.11. Насыянын суммасы 15 000 (он беш миң) сомго чейин болгон учурда бул Келишимге Карыз алуучунун жөнөкөй электрондук колтамгасын колдонуу менен (текшерүү аркылуу жөнөтүлгөн тастыктоо кодун киргизүү жолу менен), ошондой эле жазуу жүзүндө Кредитордун жакынкы кеңсесинде кол коюлушу мүмкүн. Электрондук кол тамганы пайдалануу менен кол коюлган учурда Келишим түп нускасынын юридикалык күчүнө ээ болот жана кагаз жүзүндө кошумча тариздөөнү талап кылбайт. Мындай Келишимдин кол коюлган нусканы идентификациялоочу Скан-көчүрмөсү жана электрондук версиясы түп нусканын күчүнө ээ жана сотто, анын ичинде буйрук өндүрүшүнүн алкагында берилиши мүмкүн.

11.12. Насыянын суммасы 15 000 (он беш миң) сомдон жогору болсо, Келишимге Карыз алуучу өз колу менен жазуу жүзүндө Кредитордун жакынкы кеңсесинде кол коюуга тийиш.

## 12. ТАРАПТАРДЫН МААЛЫМ ДАРЕКТЕРИ ЖАНА КОЛ ТАМГАЛАРЫ

| | |
|---|---|
| **“Замат Финанс” МКК” ЖЧКсы**<br>Дареги: Кыргыз Республикасы, Бишкек ш. Юнусалиева көчөсү 74<br>ЖСН: 02810202210184<br>ИУЖК: 31682329<br>Банк: «Дос-Кредобанк» ААК<br>БИК: 121008<br>Алыш-бериш эсебинин № 1212000200369082<br><br><br>______________________<br>Омурбекова Д.Ж. | **[Карыз алуучунун толук аты-жөнү ]**<br><br>**Паспорт: [серия, номур, берген орган жана дата]**<br><br><br><br>**Каттоо дареги: [каттоо боюнча дарек]**<br>**Иш жүзүндө дарек: [жашаган дареги]**<br><br><br><br><br>**Карыз алуучунун жөнөкөй электрондук кол тамгасы менен кол коюлду (Карыз алуучунун мобилдик телефонуна SMS-билдирүү аркылуу жөнөтүлгөн атайын кодду [код] киргизүү (активдештирүү) жолу менен жана/же Жеке кабинеттеги Логин жана Сыр белгини (паролду) колдонуу аркылуу тастыктоо).** |

*Мен, Кыргыз Республикасынын жараны ______________________________________, жеке номурум ____________________, _______________ тарабынан ________ жылы берилген ___________ сериясындагы паспорттун ээси, байланыш номерим ______________ +WhatsApp мессенжери, Кредитордун www.doke.kg сайтында жайгашкан оферта, кредиттик келишими жана/же электрондук документтердин мазмуну менен толук таанышып чыктым жана алар менен толугу менен макулмун. Кредитордун кредит өнүмүн алуу менин жеке каалоом болуп саналат, ал менин ниеттериме толугу менен туура келет жана электрондук*

*документтердин шарттарында каралган милдеттенмелерди кабыл алам. Ошондой эле мага кредиттик келишим жана/же башка электрондук документтер боюнча кабыл алынган милдеттенмелерди аткарбоо же талапка ылайык эмес аткаруу кесепеттери толугу менен түшүндүрүлдү. Эгерде өз милдеттенмелеримди аткарбай калсам жана/же талаптагыдай аткарбасам, Кыргыз Республикасынын жарандык, кылмыш-жаза жана/же административдик мыйзамдарына ылайык жоопкерчилик тартууга даярмын. Электрондук документтердин шарттарына макул экенимди жөнөкөй электрондук кол тамганы коюу аркылуу ырастайм.*

*/Жөнөкөй электрондук кол тамга коюлган/*

**Тиркеме №1**
**___________-жылдагы**
**№ ____________ кредиттик келишимге**

**Кредитти жана пайыздарды төлөө графиги**

Кредитор: **“Замат Финанс” микрокредиттик компаниясы” ЖЧКсы**
Карыз алуучу: **____________________________**
Микрокредиттин суммасы: **_____________.00 сом**
Жылдык натыйжалуу пайыздык чен: **__________%**
Айлык пайыздык чен: **___________ айына (30 календардык күн)**
Микрокредиттин мөөнөтү: **________ (__________) календардык күн**
Микрокредит берүү күнү: **____________ ж.**

| № | Төлөп жабуу күнү | Төлөмдүн суммасы | Анын ичинде негизги карызды төлөө суммасы | Анын ичинде пайыздарды жана туумдарды төлөө |
|---|---|---|---|---|
| | | | | |

Бул Кредитти жана пайыздарды төлөө графиги ________-жылдын ___________ № ______________ Кредиттик келишимдин ажырагыс бөлүгү болуп саналат.

**Карыз алуучу микрокредитти жана анын пайыздарын төлөө шарттары менен таанышып, макул экенин тастыктайт.**

| | |
|---|---|
| **“Замат Финанс” МКК” ЖЧКсы**<br>Дареги: Кыргыз Республикасы, Бишкек ш. Юнусалиева көчөсү 74<br>ЖСН: 02810202210184<br>ИУЖК: 31682329<br>Банк: «Дос-Кредобанк» ААК<br>БИК: 121008<br>Алыш-бериш эсебинин № 1212000200369082<br><br>______________________<br>Омурбекова Д.Ж. | **[Карыз алуучунун толук аты-жөнү ]**<br><br>**Паспорт: [серия, номур, берген орган жана дата]**<br><br>**Каттоо дареги: [каттоо боюнча дарек]**<br>**Иш жүзүндө дарек: [жашаган дареги]**<br><br>**Карыз алуучунун жөнөкөй электрондук кол тамгасы менен кол коюлду (Карыз алуучунун мобилдик телефонуна SMS-билдирүү аркылуу жөнөтүлгөн атайын кодду [код] киргизүү (активдештирүү) жолу менен жана/же Жеке кабинеттеги Логин жана Сыр белгини (паролду) колдонуу аркылуу тастыктоо).** |

**Тиркеме №2**
**____________-жылдагы**
**№ _____________ кредиттик келишимге**

**Кардардын чыгымдарынын (төлөмдөрүнүн) жана айыптык санкцияларынын**
**ТИЗМЕСИ**

| | | |
|---|---|---|
| **Кардардын кредит боюнча компанияга болгон чыгымдары (төлөмдөрү):** | | |
| **1.** | **Микрокредиттин суммасы:** | **__________ сом** |
| **2.** | **Микрокредит боюнча айлык пайыздык чен (30 күн):** | **2,6 %** |
| **3.** | **Жылдык номиналдык пайыздык чен:** | **31,2 %** |
| **4.** | **Жылдык натыйжалуу пайыздык чен:** | **36,6 %** |
| **5.** | **Микрокредитти мөөнөтүнөн мурда төлөп берүү боюнча комиссия:** | **алынбайт** |
| **6.** | **Келишимдин шарттарын өзгөрткөндүгү үчүн комиссия: 30 (отуз) күн – кредит суммасынан 19,7%, 14 (он төрт) күн – кредит суммасынан 12,3%.** | **19,7%** |
| **Компаниянын айыптык санкциялары жана туумдары** | | |
| **7.** | **Карызды төлөөнү кечиктирген учурда туум/айып күнүнө 0,086% өлчөмүндө чегерилет, бирок негизги карыздын суммасынан 10% ашпайт** | **31.2% жылына** |

**Бул Кредиттик келишимдин Тиркемесинин Тизмесиндеги бардык шарттар менен жеке тааныштым, шарттар түшүнүктүү, алар менен макулмун жана аткарууга милдеттенем:**

| | |
|---|---|
| **“Замат Финанс” МКК” ЖЧКсы**<br>Дареги: Кыргыз Республикасы, Бишкек ш. Юнусалиева көчөсү 74<br>ЖСН: 02810202210184<br>ИУЖК: 31682329<br>Банк: «Дос-Кредобанк» ААК<br>БИК: 121008<br>Алыш-бериш эсебинин № 1212000200369082<br><br>_______________________<br>Омурбекова Д.Ж. | **[Карыз алуучунун толук аты-жөнү ]**<br><br>**Паспорт: [серия, номур, берген орган жана дата]**<br><br>**Каттоо дареги: [каттоо боюнча дарек]**<br>**Иш жүзүндө дарек: [жашаган дареги]**<br><br>**Карыз алуучунун жөнөкөй электрондук кол тамгасы менен кол коюлду (Карыз алуучунун мобилдик телефонуна SMS-билдирүү аркылуу жөнөтүлгөн атайын кодду [код] киргизүү (активдештирүү) жолу менен жана/же Жеке кабинеттеги Логин жана Сыр белгини (паролду) колдонуу аркылуу тастыктоо).** |

**Тиркеме №3**
**____________-жылдагы**
**№ _____________ кредиттик келишимге**

# ТИЛ КАТ

Мен, _______________________________, __________-жылдын _____________ МКК ____________ тарабынан берилген паспорт _____________, төмөнкүлөрдү ырастайм:

1. Мен Кредиттик келишимдин мазмуну менен толук таанышмын. Мен ушул Келишимдин бардык шарттарын, анын ичинде микрокредиттин суммасы, төлөө мөөнөтү, убакыты жана өлчөмү, микрокредитти төлөө мөөнөтүн кечиктиргендик үчүн айыптык санкциялар, ошондой эле "Замат Финанс" МКК" ЖЧКсынын алдындагы укуктарымды жана милдеттеримди билем жана түшүнөм.
2. Мен өзүмдүн микрокредитимди үчүнчү жактарга берүүгө катуу тыюу салынганын билем. Мен алынган микрокредитти Кредиттик келишимде көрсөтүлгөн максаттарда гана пайдаланууга милдеттенем.
3. Мага кредитти __________-жылдын _________________ ала тургандыгым айтылды.
4. Кредиттик келишимдин түп нускасын бардык тиркемелери менен алдым.

| | |
|---|---|
| **"Замат Финанс" МКК" ЖЧКсы**<br>Дареги: Кыргыз Республикасы, Бишкек ш. Юнусалиева көчөсү 74<br>ЖСН: 02810202210184<br>ИУЖК: 31682329<br>Банк: «Дос-Кредобанк» ААК<br>БИК: 121008<br>Алыш-бериш эсебинин № 1212000200369082<br><br>_______________________<br>Омурбекова Д.Ж. | **[Карыз алуучунун толук аты-жөнү ]**<br><br>**Паспорт: [серия, номур, берген орган жана дата]**<br><br>**Каттоо дареги: [каттоо боюнча дарек]**<br>**Иш жүзүндө дарек: [жашаган дареги]**<br><br>**Карыз алуучунун жөнөкөй электрондук кол тамгасы менен кол коюлду (Карыз алуучунун мобилдик телефонуна SMS-билдирүү аркылуу жөнөтүлгөн атайын кодду [код] киргизүү (активдештирүү) жолу менен жана/же Жеке кабинеттеги Логин жана Сыр белгини (паролду) колдонуу аркылуу тастыктоо).** |